**Касыке Мамбеталиев атындагы орто мектебинин китепканасында 2021-2022- окуу жылына карата китепканада өтүлгөн иш чаралар.**

Жаңы окуу жылы окуучулардын жаңы үмүттөрүн, билимге умтулууларын артыруу үчүн мектептердин эшигин кеңири ачты.

Секциялык иштин негизинде жылдык иш план түзүлдү.

Окуу жылдын экинчи күнүнөн тартып 15-сентябрга чейин, графике ылайык 1-11-класска чейин график түзүлүп, фонддогу окуу китептери таратылып, окуучулар окуу китептери менен камсыз болушту.

Педкеңешмеде атайын пункт киргизилип директордун буйругу менен ар бир жоголгон же жарактан чыккан окуу китеби үчүн класс жетекчиге, окуучуга айып төлөнөрү эскертилди.

Касыке Мамбеталиев атындагы орто мектебинин китепканасына USAID тарабынан “ Окуу керемет” долбоордун негизинде 1-4- класстарга сүрөттүү жомок китептер, айбанаттар жана жаратылыш жөнүндө көптөгөн кызыктуу китептер берилген. Окуучулар китептерди кызыгуу менен окуп жатышты.

23- сентябрь “ Мамлекетик тил күнүнө” карата иш чаралар өткөрүлдү жана китепканада тематикалык бурч уюштурулду.

Мектеп боюнча китептердин сырттальшы, сакталышын текшерүү рейддер жүргүзүлүп турду.

12- декабрь адабият күнүнө карата “ Чыңгыз Айтматов жана Алыкул Осмонов ” деген темада иш чаралар өткөрүлдү, китепканада китеп көргөзмөсү жана тематикалык бурч уюштурулду.

9-класстар арасында Ч. Айтатовдун чыгармалары боюнча “Акыл ордо” таймашы болуп өттү. Мыктылар сыйланды.

3-март «Мамлекеттик туу күнүнө» жана 5-март «Ак калпак күнүнө» карата иш чаралар өткөрүлдү жана китепканада тематикалык бурч уюштурулду.

Март, апрель айларында 1-4 –класстардын окуучуларынын арасында “ Окурман үйбүлө” конкурсу болуп өттү. “ Китеп куржуну” уюштурулуп, окуучулар бири-бирине эстафета түрүндө өткөрүп беришти, активдүү катышышты.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата жогроку класстын окуучулары арасында «Эгерде мен жазуучу болсом кандай чыгармаларды жаратмакмын» деген темада дил баян жазуу боюнча конкурс болуп өттү. Башталгыч класстар арасында көркөм окуу, табышмак табуу боюнча конкурс болуп өттү. Мыктылар сыйланды.

Д-10 отчёту такталып, тапшырылды.

Жыл жыйынтыкталып май айынын аягында китептер ремонтолуп, карантинге байланышуу ата-энелер санитардык гигиена эрежелерин сактап, түзүлгөн график менен мектептин китепканасына өткөзүлдү. Китепканачынын отчётору тапшырылды.

Китепканачы : Алиева Бактыгүл

3-март  Мамлекеттик туу күнүнө жана 5-март Ак калпак күнүнө карата өтүлгөн иш чаралар




